DOI:10.26104/NNTIK.2022.15.12.042

*Айтемирова Ж.У.*

## КИТЕП – АКЫЛ, ОЙДУН БАА ЖЕТКИС АСЫЛ КАЗЫНАСЫ

*Айтемирова Ж.У.*

## КНИГА – ДРАГОЦЕННОЕ СОКРОВИЩЕ ИНТЕЛЛЕКТА И МЫСЛИ

*Zh. Aitemirova*

## THE BOOK IS A PRECIOUS TREASURY OF INTELLECT AND THOUGHT

*Ким китепти окуй билсе күнүнө,*
*Эки дүйнө жарык берер ишине.*
***Ж. Баласагын***

*УДК: 37.013*

*Бул изилдөөбүздө адамзаттын жашоого болгон ички сезимин ойготуучу жан дүйнөсүнүн азыгы болгон китеп тууралуу, анын кадыр – баркы жөнүндө баяндалды. Анткени, китеп – акыл, ойдун баа жеткис асыл казынасы. Күн санап заман агымына карай, заманбап техникаларга таянбайлы, алар эч качан китептин ордун толуктай албайт. Андыктан китеп окуган адам жашоодон эч качан уттурбайт. Учурда, китептер колдон колго өтүп окулгандын ордуна интерьердин элементине айланып калды. Анан калса кийинки маалда ар ким өзү билгендей, өзүнө жаккандай китептерди чыгара баштады. Биздин маданиятта жана түшүнүктө китеп өтө баалуу буюм катары жогору бааланган. Азыркы күндө билим, маалымат алуунун оңой жолдору көбөйдү. Интернетке мүмкүнчүлүк кеңейди. Китептерди таап окуп отурганча интернетке кире калса баары даяр, көчүрүп алышат.Ошондуктан, макалабызда бүгүнкү күндө жаштарыбызга балдардын патриоттук эстетикалык сезимин тереңдетүүдө китептин эбегейсиз ролун түшүндүрүү, китеп окуунун маданиятына үйрөтүү, китеп билим булагы экендигин, аны баалай, сактай билүүгө жана аяр мамиле жасоого үйрөтүүнүн жолдору кеңири талдоого алынды.*

***Негизги сөздөр:*** *маданият, кыргыз эли, китеп, интернет, билим, ички сезим, сабаттуулук, руханий байлык, көркөм чыгарма.*

*В этом исследовании рассказывается о достоинствах книги, которая является пищей для души и ума, пробуждает в людях внутреннее чувство к жизни. Это потому, что книга – это драгоценное сокровище интеллекта и мысли. С каждым днем мы идем в ногу со временем, но следует не полагаться на современные технологии, они никогда не смогут заменить книги. Поэтому тот, кто читает книги - никогда не проигрывает в жизни. В настоящее время книги стали элементом интерьера, вместо того чтобы их читали, переходя из рук в руки. Затем, в следующий раз каждый начал издавать книги, как ему нравится. В нашей культуре и понимании книга высоко ценилась как чрезвычайно ценный предмет. В настоящее время значительно расширились возможности получения знания и информации. Доступ в интернет не ограничен. Не перелистывая книги, можно просто войти в интернет и найти то, что искал – все готово. Поэтому в нашей статье было подробно рассмотрено понимание огромной роли книги в углублении чувств, привития культуры чтения, а также способы научить ценить и бережно относиться к книгам как к источнику знаний.*

***Ключевые слова:*** *культура, кыргызский народ, книги, интернет, образование, внутреннее чувство, грамотность, духовное богатство, произведения искусства.*

*In our study, it was described in the book that aroshes mankind's internal life of life, and it was described by his prestige. This is because the book is a precious treasury of intelligence and thought. To rely on the sunset flow, do not rely on modern technology, they will never complete the location of the book. Therefore, the person reading a book will never be heard from life. At times, the books have become an element of interior instead of using usual. Then, in the next time, everyone began to publish books of him as he knew. In our culture and understanding, the book is highly valued as a very valuable object. Currently, knowledge and easy ways to get information have increased. The Internet has been expanded. If you find the books, everything can be ready and downloaded. Therefore, our youths today have been widely analyzed for their young people in deepening their patriotic aesthetic emotions, training of the culture, the source of education, and to appreciate it.*

***Key words:*** *culture, people, books, the internet, education, wealth, literacy, moral, and artistic work.*

Кылымдарды карыткан кыргыз элибизде бекеринен «Билеги күчтүү бирди жыгат, билими күчтүү миңди жыгат» деп айтылбаса керек. Ошол сыяктуу эле жаш чырпыкка суу канчалык маанилүү жана зарылдыгы бар экени баарыбызга айтпаса да белгилүү. Мына ошол сыңары адам канчалык китепти көп окуса сууну жеткире ичкен мөмө бактай болуп мезгили жеткенде жемиши ары таттуу, даамдуу да болот.

Учурда элибиздин сабаттуулугу жалпысынан жогору. Көпчүлүк окуганды, жазганды билет, жогорку билим алгандар башка кээ бир мусулман өлкөлөргө салыштырмалуу бизде, кудайга шүгүр эле. Китеп дүйнөсүнө кийин аралашкан коом болсок да, союз учурундагы сабаттуулуктун өсүшү, элибиздин жакшы нерселерди жан дүйнөсүнө бат кабыл алгандыгы-китеп окуу, китепти сыйлоо маданиятыбызды бир топ эле калыптандырган. Адамзаттын өнүгүшү үчүн, жеке адам катары адамдык сапаттарды калыптандырууда, эл катары өнүгүүдө болобу, негизи эле жашоодо китептин орду чоң. Азыркы учурда эң өнүккөн өлкөлөрдө китеп көп окулат. Мисалы, ошол эле батыш-чыгыштагы Германия-Жапония сыяктуу өнүккөн өлкөлөрдө китеп окуу маданияты жакшы калыптангандыктан, ар бир адамга эсептегенде жылына 30дан ашуун китеп туура келери айтылып жүрөт.

Бизде Кыргызстанда бир жылда бир адам бир да китепти окубайт. Күнүнө 17 беттен китеп окуу туура келет дешет. Көрсө,окуган адам жана окумал элдер дайыма өнүгүү жолунда болот тура. Ошондуктан китеп окуган адам жашоодон эч качан «уттурбайт» деп айтар элем [6, 31-б.].

Анткени, балдардын патриоттук эстетикалык

сезимин тереңдетүүдө китептин эбегейсиз ролун түшүндүрүү; китеп окуунун маданиятына үйрөтүү; китеп эмнеден жасалаарын, анын келип чыгыш тарыхын, ал билим булагы экендигин, аны баалай, сактай билүүгө жана аяр мамиле жасоого үйрөтүүзаман талабын камтып, балдарды ар тараптан өнүктүрүүдө ролу чоң [2, 64-б.].

Китеп – акыл ойдун баа жеткис асыл казынасы. Анткени, күн санап заман агымына карай, заманбап техникаларга таянбайлы, алар эч качан китептин ордун толуктай албайт. Акыл байлыгыбыз болгон китеп, адамзаттын жашоого болгон ички сезимин ойготуучу жан дүйнөсүнүн дил азыгы болот тура! Азыр жаш муундарыбыз китеп окуудан алыстап, кыргыз болуп туруп, «Манас» эпосун окубаган кыргыз жаштарынын саны көбөйүп жаткандыгы жашыра турган кеп эмес, б.а. интернет булактарынан гана маалымат алууну көздөп калган учур. Учурда, биз ар бир кыргызмын деген жаранды «Манас» үчилтигин окутууга да жапа тырмак киришип, улуу эпостон тарбия алууга көмөк көрсөтүүбүз керек, анткени улуу эпос кыргыз элинин улуттук сыймыгы, ата-бабаларыбыздын калган мурасы [13, 119-б.].

Жогоруда айтылып кеткендей рынок экономикасынын шартында китеп товар катары колдонулуп калды. Азыр кээ бир, көп адамдар китептерди окуш үчүн эмес, үйүнө кооздоп тизип коюу үчүн сатып алгандыгына күбө болуу кейиштүү. Кийинки маалда китеп дүкөндөрүндө не бир кооздолгон баасы кымбат китептер көп сатылып калды. Китептер колдон колго өтүп окулгандын ордуна интерьердин элементине айланууда. Кала берсе кийинки маалда ар ким өзү билгендей, өзүнө жаккандай китептерди чыгара баштады. Биздин маданиятта жана түшүнүктө китеп өтө баалуу буюм катары жогору бааланган. Азыркы күндө билим, маалымат алуунун оңой жолдору көбөйдү. Техниканын өсүп-өнүккөн учурунда, өсүп келе жаткан муундун өкүлдөрү китептерди таап окуп отурганча интернетке кире калса баары даяр, көчүрүп алышат. Керек болсо үй тапшырмалары аткарылып интернетке кирип калган.

Балдар китеп окубай калганынын бир канча себептери бар. Учурда бала тарбиялоодогу идеология өзгөрдү. Мурда китепти көп окуган бала мектепте да жакшы окуган, тартиптүү болгон. Андан ары да кесипке ээ болгон, турмуш жолунда өз ордун таба алган, тагыраак айтканда, китеп окуу адам тагдырында чечүүчү орунга ээ болгон. Анткени билимди китептен гана алышкан.

Биздин муунду алалы. Биздин убакта телевизор деле баарында жок болгондуктан китеп окуу менен алектенчүбүз. Эми азыркы заманда интернет пайда болду, ар кандай электрондук каражаттарды ойлоп табышууда, мына балага китеп берүүнүн ордуна 3-4-5 жашынан оюнчук компьютерлерди берип, ар бирибиздин бул билинбей каныбызга сиңип кирген белгисиз коркунучтуу дүйнөгө баланы өз колубуз менен түрткөнүбүз калппы? [9, 9-б.]. Заманды ушундай, оңдоо мүмкүн эмес. Бирок, менимче баары бир билимдин очогу, негизги булагы – китеп болуусу керек. Китепсиз билимдүү, илимдүү болуу мүмкүн эмес.

Улуу акын, ойчул, даанышман бабабыз Жусуп Баласагын мындай деген: «Инсандын жетилүүсүндөгү билимдин, китептин ролун жогору баалап: Билимсиз адам бактылуу боло албайт, инсандын зоболосун билим көтөрөт. Билим адамдын куту, ийгилиги, бактысы. Малга, дүйнөгө жардылык кемтик эмес, рухий жардылык адам баласына пас, шордууга айлантып катардан калтырар» - деген сөзү бүгүнкү күндө да өзүнүн таасирин жоготкон жок.

Ал эми кыргыздын залкар акыны А. Осмоновдун төмөндөгүдөй ыр саптары бар:

Китепти сүй , баркын бил.
Китептин көп акылы.
Ким китепке дос болсо,
Ал ошонун жакыны [8, 2-б.].

Өмүрдүн жан шериги жакшы китеп,
Жаш жүрөк жалындаган жолун тиктеп.
Китепте не кааласаң бардыгы бар,
Эрикпей карап чыксаң таамай издеп.

Китеп тууралуу анын кадыр – баркы жөнүндө ата – бабаларыбыз макал – ылакаптарды да тегин жерден чыгарбаса керек. Алсак:

- «Китеп – билим булагы,
- «Окуган – жарык, окубаган – чарык»,
- «Окусаң озорсуң, окубасаң тозорсуң»,
- «Жакшы китеп жан шерик»,
- «Китепсиз акыл – канатсыз куш»,
- «Күч – билимде, билим китепте»

Ата-бабаларыбыз «Акыл – эс, аалам тааныгым келет десең, китеп оку», - деп айтып келишкен. Чынында эле китеп окубаган адамдын көөдөнү көңдөй, көкүрөгү сокур, жан дүйнөсү тар, түшүнүгү тайкы болору турмушта ырасталып келатат. Китеп адамдардын руханий байланыштарындагы көөнөрбөс көрөңгө экендиги тууралуу залкар жазуучубуз Ч. Айтматовдун да мындай деп айткан сөзү бар: «Китеп жөнүндө бала кезде пайда болгон урматтоону суутпас үчүн жаман китептер болбосо экен деп азыр да тилек кылам».

Улуу ойчул, жазуучу Жан Жак Руссо «Баланы тарбиялабай эле кой, андан көрө өзүңдү тарбияла, бала баары бир сага окшош болот» - деп айтканындай, урматтуу ата – энелер, эң биринчи китеп окууну өзүбүздөн баштайлы.

Китептер өткөн турмушту иликтөөгө, таанып – билүүгө, азыркыны түшүнүүгө, келечекти көрө билүүгө жардам берет. Алар адамдын аң-сезимине, жан дүйнөсүнө таасир эте ала турган зор күчкө ээ. Китепти алмаштыра турган асыл баалуулукту адамзат али ойлоп таба элек.

Китептин эң байыркы үлгүсү – Месотополиянын клинописи жана Египеттин папирус түрмөгү. Жазма китеп даярдоо биздин заманга чейин VII кылымдарда Египетте, андан соң Египеттен Грецияга, Грециядан Римге өткөн. Алгачкы басма китеп XI кылымдарда Кытайда пайда болгон. XIII кылымдардан баштап Европада негизги жазма материалдары катары кагаз колдонулуп, XV кылымда китеп басылып чыга баштаган.

Ал эми алгачкы кыргыз «Алипесин» жазган, биздин улуу окумуштуубуз, тилчи, коомдук ишмер И.Арабаевдин демилгеси менен 1911-жылы Казань шаарында атактуу акын жана ойчул Молдо Кылычтын «Кысса-и зилзала» деген ат менен кыргыз китеби жарыкка чыккан. Бул көркөм чыгарманы эң биринчи кыргыз адабиятынын үлгүсү деп айтууга болот. Ошондуктан биздин жазма адабиятыбыздын китеп түрүндө чыкканына, китеп тарыхыбызга 100 жыл болду деп айтууга негиз бар. Бул китеп кыргыз элинин бактысына ак жолтой, карлыгач китеп болду. Анын артынан эле И. Арабаевдин, К. Тыныстановдун китептери Казандан же Уфадан эмес, жакынкы Ташкенттен элебасылып чыгып, анан Кыргызстанда да китеп чыгаруу иши жөнгө салынган. Кийинчерээк кыргыздын тунгуч гезити эне тилинде «Эркин тоо» жарык көрүп, анда А.Токомбаевдин ыры жарыяланган. Ошентип кыргыз маданияты тез жетилип, балапан курагынан өттү. Анан биздин адабиятка К.Тыныстанов, А.Токомбаев, Т.Сыдыкбеков сыяктуу алптар келген.

Аалы Токомбаевдин доорун алсак гезит окуу бул өтө чоң жаңылык болгон, анткени гезиттен башка окуй турган эч нерсе болгон эмес. Андан кийинки муунга көз чаптырсак, Дүйшөн менен Алтынайдын тарыхын билебиз, ал өзүнчө эле бир заман болгон.

Китеп – бул билим булагы, адамзат ойлоп тапкан эң сонун табылга. Китеп окуп жатып, биз өзгөчө ажайып дүйнөгө сүңгүп киребиз, каармандар менен кошо бүйүр кызыткан окуяларга, ак менен каранын, жакшылык менен жамандыктын кармашына күбө болобуз, кызыктуу саякатка аттанабыз, эркиндиктерге шыктанабыз. Китеп элдин бай мурастарын муундан муунга өткөрүп берип, бизге ар тараптан каныккан күчтүү инсан болууга, эң татаал сыноолордон татыктуу өтүүгө көмөктөшөт. Китеп биздин досубуз, акыл кошчубуз жана жардамчыбыз!

Акыркы убакта жаш өспүрүмдөрдү китеп окууга тартууда балдарга китеп окуп берүү акциясы сыяктуу иш чаралар өткөрүлүп, анда китеп менен баланы доштоштуруу тууралуу төмөнкүдөй ыкмалар сунушталат:

- Китеп менен достошпогон өспүрүмдөрдү окуганга көндүрүү үчүн бир себеп болуш керек;
- Балдардын китепке болгон сүйүүсү канча эрте башталса, китеп окуу адатын оңой калыптандырат;
- Балага сөз менен эмес, өзүң үлгү болуп үйрөт;
- Балага мультфильмдин китептерин сатып берсе, салыштыруу менен кызыгып окуйт ж.б. [6, 21-б.].

Албетте китеп көзүңдү ачат дүйнөнү кооздукту, сулуулукту, улуулукту таанытат. «Китеп билим булагы, билим өнөр чырагы» - деген макал бекеринен айтылбаган чыгар. Илим – билим, дасыккан адистик, көркөм дүйнө аркылуу өз максатына жетүүгө болот. Китеп биздин байлыгыбыз, аны булгабай, кордобой кийинки келечек муундарга мурас катары калтырышыбыз керек. Китептин баркын билүү, аны көздүн карегиндей сактоо ар бир атуулдун милдети, биздин милдетибиз.

Азыркы учурда жаштар китепти эмес, телефон сүйүүчүлөр болуп калбадыбы, бул ачуу чындык. Сөзүбүздөн аягында жаштарга айтаар элем «китеп – билим булагы, окуган - озот, окубаган - тозот» - дейт, ар бир адам табити тарткан ар кандай чыгарманы сүйөт, ошого жараша китепти талыкпай окуса, өзүнө, тилине, дилине азык болуп, жаштардын сүйлөө, ой жүгүртүү, сөздүн ырааттуулук жөндөмдүлүгү артмак. Эзелтен эле, дүйнөнү жаңырткан да китеп. Адамзаттын өлбөс – өчпөс изи да китепте. Ал адамдын оюнун жарчысы. Чынында эле китепсиз дүйнөнүн өсүп-өнүгүшүн элестетүү мүмкүн эмес. Андыктан ааламдашуу агымы каптап келаткан бүгүнкү кезде да элибиздин элдигин, улутубуздун улуттугун, тарыхын ичине батырган китеп дүйнөсүн сактап калалы.

**Адабияттар:**


1. Баласагын Ж. Куттуу билим.Байыркы түрк тилинен которгон Т. Козубеков.Түзүүчүлөр: Б.Түмөнбаев, Э.Сарыбаев. - Бишкек, 2015.
2. Рысбаев С., Абдухамидова Б. Тарбия берүү-улуу иш. - Бишкек, 2009.
3. Ата-бабалар тебериги: Кыргыздын адеп-ахлак, салт-санаа, үрп-адат, ырым-жырым жана жөрөлгөлөр жыйнагы Түз. М. Каримов. - Б.: «Бийиктик», 2001.
4. Кыргыз макал-ылакап, учкул сөздөрү. Жыйнаган М. Ибрагимов. - Кара-Балта, 2005.
5. Шоокум. №.04 (140),чын куран айы, 2018-ж.
6. Жетиген. №.5 (120), май, 2021-ж.
7. Кутбилим сабак. 2016-жыл, сентябрь.
8. Кутбилим сабак. 2018-жыл, февраль.
9. Тил жана маданият. 2020(31-32), январь-июнь
10. Тил жана маданият. №.01(075), январь, 2015-ж.
11. Эл агартуу. - №.3-4. - 2020-ж.
12. Замирбек кызы А, Мадмуратова З.Г. Кыргыз эл педагогикасындагы адеп-ахлак түшүнүгүнө болгон көз караштар / Мадмуратова З.Г. / Известия ВУЗов Кыргызстана. - Бишкек, 2021. - №3. - С. 199-202. http://science-journal.kg/ru / journal/2/2021/3/
13. Мадмуратова З.Г. «Манас» эпосу аркылуу жаштарды гумандуулукка тарбиялоо / Мадмуратова З.Г. / Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана, – Бишкек: 2016.– № 8, Часть 1. - С. 199-202. http://www.science-journal.kg/ru/ journal/1/2020/12/